полномочиечси бар адам». «Компетенция – белгилүү бир адамга тапшырылган маселелер, иштер. Компетенция кандайдыр бир маселенин же адамдын полномочиеси» [6, 293].

А. В. Хуторской мындай аныктама айтат: «Компетенция – инсандык бири-бирине байланышкан сапаттардын жыйындысы (билим, билгичтик, көндүм). Ал сапаттар атайын аныкталган предметтер жана процесстер боюнча болуп, инсандын аларга карата жыйынтыктуу аракетин түзөт. Компетенттүүлүк – адамдын компетенцияларга ээ болушу. Компетенттүүлүк компетенцияларга болгон инсандык мамиле жана ишмердүүлүктү жүргүзүү» [7, 61-б. ].

Жогорудагыдай аныктамарды талдай келгенде «компетенттүүлүк» кандайдыр бир ишти аткарууга, кандайдыр бир ой-пикирди айтуудага адамдын даярдагы бар экендиги, ошол нерсеге адамдын жөндөмдүүлүгү. Орус дидактары И. А. Зимняя, Г. К. Селевко, А. В. Хуторской ж. б. компетенция – бул адамдын ээ болгон интеграциялык сапаты, анын ошол тема боюнча билими, билгичтиги, көндүмдөрдү, кандайдыр бир маселе, проблема чечүү үчүн ага даярдагы болгондугу.

**Жыйынтык.** Соңку учурда «инновация», «инновациялык технологиялар», «компетенттүүлүк», «тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүк» деген түшүнүктөр тилибизде көп учурай баштады. Бул термин-түшүнүктөр Батыш педагогикасында, орус дидактикасында ар тараптуу изилденип, кыргыз мугалимдерине да бир топ түшүнүктүү боло баштаганы менен аларды дагы да терендетип окуу үйрөнүү проблемасын чечүүбүз зарыл.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Муратов А. Адабиятты жаңыча окутуу: методдор, каражаттар жана иштелмелер [Текст] / А. Муратов, Б. Байсабаев. – Б. : 2010. – 68 б.
2. Байгазиев С. Адамды жана атуулду жараткан педагогика же Бектур Исаковдун альтернативалуу окутуусу [Текст] / С. О. Байгазиев // Кутбилим. – 2012. – 22-фев.
3. Хуторской А. В. Типологии педагогических нововведений [Текст] / А. В. Хуторской // Школьные технологии. – 2005. – № 5. – С. 10-24.
4. Хуторской А. В. Педагогическая инноватика: методология, теория, практика: Научное издание [Текст] / А. В. Хуторской. – М.: УНЦ ДО, 2005. – 222 с.
5. Ожегов С. И., Шведова Н. Ю. Толковый словарь русского языка [Текст] / С. И. Ожегов, Н. Ю. Шведова. – Москва, 2013. – 268 с.
6. Юдахин К. К. Русско-киргизский словарь [Текст] / К. К. Юдахин. – Москва, 1957. – 293-б.
7. Хуторской А. В. Ключевые компетенции как компонент личностно-ориентированной парадигмы [Текст] / А. В. Хуторской // Народное образование. – 2003. – №2. – С. 58-64.


УДК 37;372. 8;372. 882;373. 1
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-2(1)-117-122

**Мырзабекова Н. М.**
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, педагогика кафедрасы, аспирант
**Мырзабекова Н. М.**
Кыргызский государственный университет им. И. Арабаева, кафедры педагогика, аспирант
**Mirzabekova N. M.**
Kyrgyz state university I. Arabaev, department of pedagogy, postgraduate student

# ТИЛДИК-КОММУНИКАТИВДИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮККӨ ЖЕТИШҮҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ ЖАНА ЖЕТИШКЕНДИКТИН КРИТЕРИЙЛЕРИ
# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ДОСТИЖЕНИЯ ЯЗЫКОВО-КОММУНИКАТИВНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ И КРИТЕРИИ ДОСТИЖЕНИЯ
# PEDAGOGICAL CONDITIONS FOR ACHIEVING LINGUISTIC AND COMMUNICATIVE COMPETENCE AND ACHIEVEMENT CRITERIA

**Аннотация:** Бул макала башталгыч класстардагы адабий чыгармаларды талдоо процессинде окуучулардын тилдик-коммуникативдик компетенттүлүктөрүн инновациялык технологиялар менен ишке ашыруунун теориясын көрсөтүүгө арналат. Азыркы учурда мектеп окуучулардын социалдашуусу тилдик байлыктары, тилди колдоно билүүсү менен байланышат. Ошондуктан көркөм чыгармаларды окуп, талдап, ал аркылуу окуучулардын тилдик, этномаданий жана адабий-теориялык, социалдык коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн жогорулатуу актуалдуу проблемалардын бири. Макаланын максаты – инновациялык технологияларды колдонуп окуучулардын тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн жогорулатуунун технологияларын көрсөтүү. Чыгармаларды талдоону инновациялоо жана компетенттүүлүккө негиздеп окутуу – азыркы адабиятты үйрөтүүгө коюлган педагогикалык талаптардын бири. Макала жогорку окуу жайынын студенттерине, магистрлерге жана мектептин башталгыч класстардын мугалимдерине арналат.

**Аннотация:** Данная статья посвящена демонстрации теории реализации языковых и коммуникативных компетенций учащихся с помощью инновационных технологий в процессе анализа литературных произведений в начальной школе. В настоящее время социализация школьников связана с их языковыми ресурсами, умением пользоваться языком. Поэтому одной из актуальных проблем является повышение языковой, этнокультурной и литературно-теоретической, социально-коммуникативной компетентности учащихся при чтении и анализе художественных произведений. Цель статьи – показать технологии повышения языковой и коммуникативной компетентности учащихся с использованием инновационных технологий. Инновации в анализе произведений и обучение на основе компетенций – вот некоторые из педагогических требований, предъявляемых к преподаванию современной литературы. Статья предназначена для студентов высших учебных заведений, магистров и учителей начальных классов школы.

**Abstract:** this article is devoted to demonstrating the theory of the implementation of language and communicative competencies of students with the help of innovative technologies in the process of analyzing literary works in elementary school. Currently, the socialization of schoolchildren is associated with their language resources, the ability to use the language. Therefore, one of the urgent problems is to increase the linguistic, ethno-cultural and literary-theoretical, socio-communicative competence of students when reading and analyzing works of art. The purpose of the article is to show technologies for improving the language and communicative competence of students using innovative technologies. Innovations in the analysis of works and competence–based learning are some of the pedagogical requirements for teaching modern literature. The article is intended for students of higher educational institutions, masters and primary school Teachers.

**Негизги сөздөр:** инновация, инновациялык технологиялар менен окутуу, адабий окуу сабагы, көркөм чыгарма, текст, чыгармачылык ишмердүүлүк, компетенттүүлүк, тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүк, коммуникация.

**Ключевые слова:** инновации, обучение с использованием инновационных технологий, урок литературного чтения, произведение искусства, текст, творческая деятельность, компетентность, языковая и коммуникативная компетентность, коммуникация.

**Keywords:** innovation, teaching using innovative technologies, literary reading lesson, work of art, text, creative activity, competence, language and communicative competence, communication

**Макаланын актуалдуулугу.** Окутуу ишмердүүлүгүнүн эски ыкмалардан натыйжа чыгара албай калышы, окуучулардын билими менен аларды турмушта колдоно албай жатышынын ортосундагы, соңку жылдарда педагогикалык-психологиялык илимдер тарабынан практикага көптөгөн түшүнүктөр киргизилип жатса да, башталгыч класстардын мугалимдери үчүн «компетенттүүлүк», «тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүк» түшүнүгүн мамлекеттик тилде жазылган, эне тили жана адабий окуу предметтеринин мисалында ачып берген эмгектердин жетишсиздиги, адабий чыгармаларды окутууну окуучулардын чыгармачылыгын өнүктүрүү максатында инновациялоо технологиялары боюнча мугалимдердин тажрыйбалары ар тараптуу үйрөнүлбөгөндүгү, башталгыч класстын мугалимдери практика жүзүндө сабактарын инновациялык ыкмалар жана жолдор менен өтүп жаткан учурлар болсо да, алар методисттер тарабынан илимий-педагогикалык жактан жалпыланбагандыгы ж. б.

**Компетенттүүлүк деген эмне?** «Компетенттүүлүк кандайдыр бир тармакта, чөйрөдө белгилүү бир натыйжага жетишүү, кадыр-баркка ээ болуу, кимдир-бирөөнүн кесиптик чеберчилигинин, жетишкендигинин көрсөткүчү. Компетенттүүлүк – бул адистин интеллектуалдык, психологиялык, моралдык жана ишмердик (функционалдык) абалы, ошол аркылуу анын канчалык билим алгандыгы, көндүмдөргө ээ болгондугу, тажрыйба топтогондугу, башкалардын ишмердүүлүгүн өзүнө сиңиргендиги, маалыматтар менен куралдангандыгы жана аларын кандайча колдоно алары аныкталат. Компетенттүүлүк бул натыйжалуу жыйынтыктарга жетишүү үчүн ыңгайлуу жүрүш-туруш модели, алгоритм, кыймыл-аракеттерди ишке ашыруунун жолдору.

Компетенттүүлүк дидактикада педагогикалык ишмердүүлүктүн үзүрүн көрсөтүүнүн бир чен-өлчөмү катары кабыл алына баштады. Мурда билим алуучулук, билим берүүчүлүк мамиленин ордуна келген компетенттүүлүк окуу процессинде балдардын билим алуусу, алардын билим топтоосу менен гана чектелбейт, аларды колдоно билүүгө жетишүүсү менен байланышат. Азыр компетенттүүлүк көп өлкөлөрдө, мисалы, Орусияда жалпы мамлекеттик, федералдык стандаттарда борбордук, түйүндүү маселелердин бирине көтөрүлүп чыкты. Компетенттүү мамиле кылуу бул коом талап кылган билим берүү ишмердүүлүгүнө ылайык таанып билүүнүн жана аны ишке ашыруунун өзгөчө формасы. Бул мамиле орус педагог-дидактиктеринде (М. Н. Скаткин, И. Я. Лернер, В. В. Краевский, Г. П. Шедровицкий, В. В. Давыдов ж. б. ) мурда эле көтөрүлүп келген. Мисалы, адабиятты окутууда окуучуларга билим, ык-машыгуу, көндүмдөрдү берүү керек, дал ошол нерсе алардын адабий-теориялык компетенттүүлүгүн негиздейт. Ошондой компетенттүүлүккө ээ болгон мектеп бүтүрүүчүсү ар кандай адабий чыгармаларды түшүнүү, талдоо, интерпретациялоо жөндөмдүүлүгөнө ээ болуп гана калбастан, чыгармадан алган эстетикалык, катарсистик, этикалык байлыктарды жеке турмушунда колдоно билүүгө жетишет» (А. Муратов [1, 60-63]).

Компетенттүү окуучу (же адис) илим-билимдүү гана инсан эмес, ошол илим-билимин турмушунуда колдоно алуучу болушу керек, ошондо гана аны компонеттүү деп айта алабыз.

Окуучу компетенттүү болушу үчүн төмөнкүдөй педагогикалык шарттар зарыл:

- мугалимдердин окуучуларды компетенттүү адис (бүтүрүүчү) катары окутуу үчүн атайын максат коюшу;
- мугалимдердин окуу жайында компетенттүү окутууга теориялык жактан үйрөнүшү;
- болочокто мугалим болуучу студенттердин окуу программаларында, окуу китептеринде, окуу методикалык колдонмолорунда компетенттүүлүк тууралуу маалыматтардын жана теориялык базанын кеңири болушу;
- студенттердин педагогикалык практикасында компетенттүүлүккө негиздеп окутуу жүргүзгөн мугалимдердин сабагына көп катышы, аларды башка сабактар менен салыштыра билиши;
- мугалимдердин компетенттүүлүккө негиздеп окутуу боюнча илимий жана методикалык адабияттар менен кеңири таанышып турушу;
- компетенттүүлүктүн калыптануусу сабакта, окутуу процессинде гана ишке ашпастан башка факторлор, мисалы, коомчулук, дос-жолдоштор, үй-бүлө, чөйрө, маалымдоо каражаттары, көчө таасири ж. б. нерселер менен да байланышат.

Окуучулардын компетенттүүлүккө жетишкендиктеринин чен-өлчөмдөрү (критерийлери):

- бул же тигил объект боюнча билими жана түшүнүктөрү болушу;
- бул же тигил объект боюнча кеңири ой жүгүртө билиши;
- бул же тигил объектти башка бир объекттер менен салыштыра билиши;
- алган билимин, ык-машыгууларын өз турмушунда колдоно алышы;
- бул же тигил объект боюнча билимин жана түшүнүктөрүн башкалар менен пикирлешип, жазуу жана оозеки формада билгендерин демонстрациялоо жөндөмдүүлүгү;
- окуучунун мектепти бүтүргөн кезде пайдалана алуучу интеллектуалдык билими, когнитивдүү жана операциялык-технологиялык нерселерден гана турбастан, мотивациялык, этикалык, социалдык жана жүрүш-туруштук түшүнүктөрүнүн системасын да камтый билиши;
- ар кандай учурларда, кырдаалдарда алган билимин, ык-машыгууларын, тажрыйбаларын дароо колдоно алуусу ж. б.

Азыркы учурда билим берүү уюмдарынын негизги максаты жана милдеттери компетенттүүлүктөргө ээ студенттерди жана окуучуларды, мугалимдерди даярдоо болуп эсептелет. Жогорку окуу жайларынын ар бир дисциплинасы, мектептердин ар бир предмети боюнча предметтик стандарттар компетентүүлүккө негиздеп окутуу жана тарбиялоого багытталып түзүлгөн. «Башталгыч класстардагы кыргыз тил жана окуу боюнча предметтик стандартында» [2] (2019) адабий окуу жана кыргыз тили предметтеринин компетенттүүлүктөрү төмөнкүдөй аныкталган: «Компетенттүүлүк – бул адамдын тиешелүү билимдеринин, билгичтиктеринин элементтерин жана иш-аракеттеринин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, турмуштук, кесиптик) өз алдынча колдоно алуу жөндөмдүүлүгү. Кыргыз тил жана окуу предметин окутууда эки түрдүү компетенттүүлүк тууралуу сөз болот. Биринчиси – негизги компетенттүүлүктөр. Алар «Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты» (КР Өкмөтүнүн 21. 07. 14. №403 токтому) менен аныкталып, алардын үч деңгээли көрсөтүлгөн, алар:

1) Маалыматтык компетенттүүлүк.

2) Социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк.

3) Өз ишин уюштуруу жана көйгөйлөрүн чечүү компетенттүүлүгү.

Алардын калыптанышынын үч деңгээли:

1) биринчи деңгээл (репродукциялык) окуучулардын үлгүлөрдү (аракеттерди аткаруунун дайындалган алгоритми) жолдой билиши менен мүнөздөлөт;

2) экинчи деңгээл (продукциялык) курамы боюнча жөнөкөй иштерди аткаруу, ишмердиктин өздөштүрүлгөн алгоритмин башка кырдаалдарда колдонуу жөндөмү менен мүнөздөлөт;

3) үчүнчү деңгээл (креативдик) өз алдынча конструкциялоо жана негиздөө элементтери менен татаал курамдагы ишмердикти жүзөгө ашырууну түшүндүрөт.

Экинчиси – предметтик компетенттүүлүктөр. Алар башталгыч билим берүүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен төмөнкүчө аныкталды:

1. Тыбыш жана тамга менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К1)

2. Окуй алуу компетенттүүлүгү (К2)

3. Сөз байлыгы менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К3)

4. Сүйлөм, текст менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К4)

5.Аң сезимдүү окуу, угуу жана адабий түшүнүктөр менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К5).

Жогорудагы компетенттүүлүктөрдүн ичинен биздин темага байланыштуу кометенттүүлүк – социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк.

«Социалдык» деген түшүнүк абдан кенен түшүнүк, ага инсандын коомго, чөйрөгө аралашуучу (социалдашуу) факторлор кирет. «Коммуникация» деген – байланыш, карым-катынаш, алака, анын түрлөрү аябай көп: интернет, телевидение, радио, жарнаамалар, бий, ыр ж. б. А түгүл вервалдык эмес (ымдоо, жаңсоо, интонация) каражаттар да коммуникация. «Коммуникация» термини – кабар айтуу, билдирүү, сүйлөшүү деген мааниде экендигин айрым окумуштуулар айтып келет (Л. С. Выготский, В. Н. Курбатов, А. А. Леонтьев, К. Черри, Т. Парсонс ж. б. ). Бирок коммуникация бир жактуу (монологдук) болгон учуру бар жана эки жактуу (диалогдук) болгон учуру бар.

**Таблица 1. – Коммуникациянын курамдары**

| **Коммуникациялык** | **Интерактивдүү Коммуникациялык** | **Перцепциялык Коммуникациялык** |
|---|---|---|
| Ар кандай адамдар пикир алышуулары | Ар кандай адамдардын пикир алышуусу менен гана чектелбей, алардын идеялар менен бири-бирине аракет кылуулары | Ар кандай адамдардын пикир алышуу байланышынан улам алардын бири-бирин жакындан таанып билүүсү, өз ара түшүнүү процесси |

Социалдык коммуникация – коом ичиндеги байланыш, коммуникациянын кеңири жайылышы, тилдик коммуникация – оозеки сүйлөшүү жана жазуу ишмердүүлүгү менен, б.а., тил каражаттары менен ишке ашырылуучу байланыш, коммуникация. Жазуу ишмердүүлүгү – азыркы мектептерде көнүгүүлөрдү аткаруу, дил баян, эссе, жат жазуу, баяндама жазуу ж. б. ишмердүүлүктөр. Демек, биз кызыккан жана изилдөөгө объект кылып алган ошол – тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүктөр.

**Жыйынтык.** Коммуникация, анын ичинде тилдик байланыш – адамзат коомунун негизги өзгөчөлүгү. Андай байланышсыз тил өз милдетин аткара албайт, адамдар коомдошо албайт. Азыркы доордо адамдардын, анын ичинде мектеп окуучуларынын тилдик коммуникациясы улам пассивдешип жатат. Биздин милдет ошол окуучулардын ошол компетенттүүлүгүн адабий чыгармаларды талдоо процессинде активдештирүү болуп саналат.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана методикасы [Текст] / А. Муратов. – Б. : Турар, 2013. – 554 б.
2. Башталгыч класстардагы кыргыз тил жана окуу боюнча предметтик стандарты [Текст] / http://kao. kg/wp-content/uploads /2020/03/Кыргыз-тил-жана-окуу_1-4_кырг. pdf



УДК51(07):373.3
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-2(1)-122-129



**Назарбаева М.Т., Джапарова С.Н., Керезбек кызы Венера**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети, окутуучу,
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети, магистрант
**Назарбаева М.Т., Джапарова С.Н., Керезбек кызы Венера**
Иссык-Кульский государственный университет им К.Тыныстанова, преподаватель,
Иссык-Кульский государственный университет им К.Тыныстанова, кандидат педагогических наук, доцент,
Иссык-Кульский государственный университет им К.Тыныстанова, магистрант
**Nazarbaeva M. T., Dzhaparova S.N., Kerezbek kyzy Venera**
Issyk-Kul State University K. Tynystanov, Teacher,
Issyk-Kul State University K. Tynystanov, Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor,
Issyk-Kul State University K. Tynystanov, Master’s student


## БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТИН МАТЕМАТИКА КУРСУНДА АЛГЕБРАЛЫК МАТЕРИАЛДАРДЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ
## ОБЩАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА АЛГЕБРАИЧЕСКОГО МАТЕРИАЛА В КУРСЕ МАТЕМАТИКИ НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЫ
## GENERAL CHARACTERISTICS OF ALGEBRAIC MATERIAL IN THE COURSE OF MATHEMATICS IN PRIMARY SCHOOL


**Аннотация:** Макалада башталгыч мектептин математика курсунда окутуулуучу алгебралык материалдарды окутуунун жалпы мүнөздөмөсү каралды. Математиканын баштапкы курсунда алгебранын элементтерин окуп үйрөнүү арифметикалык материал менен тыгыз байланышта ишке ашырылат. Маселен, эң жөнөкөй сызыктуу теңдемелерди чыгарууда адегенде алгебралык апараттын ордуна арифметикалык амалдардын